***Шакенбаева Г.К.***
*К.Карасаев атн. БГУ*

# ТЫШ КИЙИМДЕРИНИН АТАЛЫШТАРЫ ЭТНОЛИНГВИСТИКАЛЫК АСПЕКТИДЕ

Этнолингвистика өз алдынча илимий багыт катары 19- кылымдын 70-жылдарында этнография илиминен өнүгүп, АКШда кеңири кулач жая баштаган. Ал Американын түндүгүндөгү, анан Борбордук Америкадагы индей уруусундагы элдерди ар тараптан изилдөөдөн улам келип чыгат. Кийинчерээк советтик окумуштуулардын бир катары да бул маселеге өзгөчө көңүл бурушкан. Мындай илимпоздордун катарына алгачкылардан болуп Ф.И.Буслаев, А.А.Потебнялардын, кийинкилерден И.Рахимовдун, Ж.И.Толстойдун ж.б. изилдөөлөрүн киргизүүгө болот. Ал эми кыргыз тил илиминде болсо тил менен башка илимдердин фактыларын, ыкмаларын аралаш колдонулушуна көңүл бурулган атайын иликтөөлөр эми гана өөрчүп өнүгүүдө. Алсак, А. Сыдыков, А. Өмүралиева ж.б.

Кыргыздардын сырт кийимдерине көйнөк, кош этек *көйнөк, чыптама, шым, кемсел, ичик, чапан, кементай, чепкен, тон* кирет. Булардын көпчүлүгү сырткы кийим деп эсептелип, кийилүү максатына карата кездемелер да тандалат, жарашыгына карата сайма же оймолору жаш өзгөчөлүгүнө ылайыкташат. Бирок көйнөктөргө сайма түшүрүлгөн эмес. Азыркы театр кийимдеринде да көйнөккө сайма түшүрүлүп жүрөт. Аялдардыкы жеңи жана жакасы, этеги кооз көрүнүү үчүн бүйүрмөлөнгөн, бир канча кош этектен турган. Бул чыптама, кемсел менен өңдөш же, контрасттык түстө болгондуктан, кооз баш кийим менен бирдикте өтө салтанаттуу, көркөм көрүнгөн.

*Чыптама* - кыз-келиндер үчүн да, эркектер кийүү үчүн да ылайыкташкан орто кийим. Анын *чермий, өпкө кап, өпкө тон, пинжэк* сыяктуу аталыштары бар. Муну жылуу күндөргө ылайыктап, адеми кийим катары жасаса, суук күндөрү дем алуу органдарын, көкүрөктү ызгаардан сактоо максатында жүн салып шырып жасашкан.

*Жайкы чыптамалар* кооздук үчүн тигилип, аны ар кандай саймалар, оюулар менен шөкөттөшкөн. Анын жакасынын жээгине суу жүгүртүп, андан ары жагын бойлото *кыял, кош кыял,* кийинчерээк, ар кандай өсүмдүктөрдүн көчөтүн түшүрүп саймалашат. *Илме* же, машинанын ыгы менен саймалоо тегиз, бир кылка болушун камсыз кылат. Адатта келин - кыздардын чыптамасы саймаланып, мүмкүн болушунча, топу, шөкүлөнүн түсүнө шайкеш келген. Иш чыптамасы шырылып тигилгендиктен, эркектердики да, аялдардыкы да саймаланган эмес.

Азыркы театр өнөрүнө, дегеле, улуттук элементтери менен кийинүүчүлөрдө бул кийимдин да, сайманын да түрлөрү ар кандай формага, вариантка ээ болуп келе жатат. Эгерде мурунку учурлардагы кыз - келиндердин чыптамасы кызыл же жашыл түстөгү кездемелерден болсо, азыр жарашыгына, кийилип жаткан максатына, кийимдин түсүнө карата өзгөрүүдө. Көйнөккө жараша өтө айырмаланбаган түстү, кээде ак жука кездемеден да тандалып, ар кандай тиликтери менен сайманын түрлөрү менен кооздолууда. Кандай да болбосун, сайманын *илме* түрү колдонулуп, көпчүлүк учурда машинанын саймасы пайдаланылууда. Мындай сайма тез да, тегиз да аткарылгандыгына байланыштуу симметриялуулугу, кооздугу менен айырмаланат. Ал эми колдон аткарылган түрү өтө көп кынапталган жумушту сарп кылгандыктан, жеке аткарылуучу буюмдарда колдонулуп, кымбат бааны талап кылат.

Театр кийимдери катары эркектердин да ар кандай узундуктагы чыптамалары тигилип, саймаланып келе жатат. Албетте, мындай эркек чыптамалардын кооздолгон варианты күндөлүк кийим катары колдонулбай атайын артисттик өнөргө тиешелүү чөйрөдө гана пайдаланылат.

*Кызыл тукаба чыптамасы анын денесин чыпыйтып кучактап турат* (Ш.Бейшеналиев).

*Шым* - кыргыздын эзелтеден келе жаткан адатында саймаланбай кийилген, эркектердин шымы жаш өзгөчөлүгүнө ылайык түстөгү кездемелерден тигилген. Азыркы учурда театр өнөрүнө байланыштуу кийимине айланган шым ар кандай түстө, тиешелүү көркөмдүктөгү сайма түшүрүлүп кооздолуп келе жатат. Мындай учурда шымдын багелегине, жанындагы тилигине сайма түшүрүлүп жүрөт. Театр шымдарынын жердиги баркыттан, жоо кийимине ылайыкталыш керек болсо жаргактан (замш) тигилип, аны кийүүчү инсандын келбетине ылайык саймаланат. Маселен, баатырдык чыгармалардын каармандарына байланышкан образга арналган кийимдердин шымы болсо, тизесине, санына арстан, жолборс, ажыдаар ж.б. сүрөтү салынып саймаланат. Мындай сайманын көчөтүнүн түшүрүлүшү - анын айбатын, таасирдүүлүгүн ж.б. чагылдыруучу кыйытма ойду туюндурат.

Мындай көчөттөрдү саймалоодо басма сайманын колдонулушу маанилүү болгон, анткени жаргакка түшүрүлгөн учурда анын сайма көрүнүктүү болуш үчүн жибек жиптин пайдаланылышы ачыктыкты, образдуулуктун таамай берилишин камсыз кылган.

*Бурмалуу саадак, бугу шым* (Тоголок Молдо).

*Бүктөөсү жанбаган ак шым* (Т.Сыдыкбеков) .

*Кемсел // кемсал // кемзир* - жеңи чыканакка чейин келген кыска, көйнөктүн үстүнөн кийилүүчү кийим. Кийилүү максатына карата жеңинин узун же кыска болушу белгиленген. Эгерде иш кийими катары эсептелсе, анда жеңи каруудан келген узундукта болгон, атайын сырт кийим деп эсептелсе, анын жеңи узун болгон. Ушуга карай кийимдин кийилүүчү сезону да аныкталган. Кыска жеңдүүсү жылуу мезгилге ылайыкташкан.

Өзбек тилиндеги «Кийим-кечак номлари» деген изилдөөдө М.Асомиддинова кемселди француз тилинен орус тили аркылуу кирген деген ойду айтат (аталган эмгек, 25-26-бб.). В.Радловдун «Опыт словаря тюркских наречий» сөздүгүндө орус тилинен түрк тилдерине кирген деп белгиленет (В.Радлов В. Т.2. СПб.1899, 45-б.). Бүгүнкү күндө кыргыз тилин-

де кемселдин камзол түрүндө учурары жана ал сөз кыргыз тилине орус тилинен кирип, ал эми орус тили бул сөздү 18-кылымдын башында немец тилинен кабыл алынгандыгын белгилеген (Ж.Мамытов. Көркөм чыгарманын тили. - Ф., 1990.-56-б.). Орус тилинин этимологиялык сөздүгүндө камзол сөзү өз кезегинде италия тилинен алынып түпкү чыгышы боюнча латын тили менен байланыштуу экендигин ырастайт (Н.М.Шанский, В.В.Иванов, Т.В.Шанская. Краткий этимологический словарь.-139-б.). ...Тик жака кызыл манат камзол кийип, белине чымкый көк ботокур оронгон. Даяр коюп койгон ак быязы камзолду Бекназардын ийнине жапты (Т.Касымбеков. Сынган кылыч). Албетте, бул сыяктуу кийим аттарынын келип чыгышын изилдөөдө тектеш жана тектеш эмес тилдерди салыштырып кароо керек.

Кемселдин дайыма кийилүүчү түрү кооздолгон эмес, сый кийим катары кийилүүчү түрүнүн жакасы, жеңинин учу сайmaланган. Тигилиш ыгына, кездемеге карата *беш бел, кымкап кемсел, лампик кемсел* деп бөлүнгөн. Ага *ийрек, бармак боочу, мүйүз, бүркүт, ит куйрук, ээк* сыяктуу көчөттөрдүн элементтери колдонулган.

Азыркы учурда бул кийим да өркүндөтүлүп, кийилүү чөйрөсүнө карай кооздолуп келет. Кыска жеңинин ар түрдүү формасы, тилигинин болушу, тиликтин түз же, жарым тегерек абалында болушу да кооздугуна жараша ишке ашып келет. Сайmaлоодо бардык учурда жээгине ийри же түз абалындагы *суу* жүгүртүү сөзсүз ишке ашат да, аны бойлото жарашыгына ар кандай көчөттөр менен сайmaланат. Кемселдин боюндагы тиликтердин болушу, анын жээгине сайманын түшүшү да кийилүүчү чөйрөгө жараша чыптама сыяктуу сый модалуу кийим же театр өнөрүнө ылайык болушуна жараша жасалат.

*Чапан, чепкен* - сырт кийимдин түрлөрүнө кирет. Чапан же кемсел деп аталган түрү жазда, күздө же салкын мезгилдерде кийилет. Көбүнчө трайке, баркыт, тукабадан (аялга же эркекке ылайыкташканына карата) эки кат кездемеден тигилет. Адатта жөн мезгилде кийиле тургандары сайма, оймо менен көркөмдөлбөйт. Салтанатка, мейманга кие турган аялдардын чапандары *чычкан изи, ит куйрук, бычак учу* көчөттөрү менен сайmaланган. Алар да максатына, тигилген кездемесине ылайык эркек, аялына карата ажыратылган.

Азыркы учурда чапандын баркыттан тигилген, сайmaланган сайmaланбаган түрлөрү бар. Алардын түсү, түрлөрү, саймасы да жаш өзгөчөлүгүнө, кийилүүчү чөйрөсүнө жараша айырмаланат. Көбүнчө массалык түрдө тигип, сайmaлап сатууга чыгарып келе жатышат. Бул болсо, кыргыздардын улуттук катыш каадасына жараша пайдаланылууда.

Театр өнөрүнө байланыштуу тигилген чапандардын эркек жана аял формасына карабастан, ар кандай узундукта, ар кыл тиликтери менен, аркасына да сайма түшүрүлүп келе жатат. Аркасына түшүрүлгөн сайма көбүнчө өсүмдүктөрдүн шагын, мөмөсүн элестетет.

*Каным эже бирөөнүкүнөн жалаңтык бейкасам чапан сурап келди* (Ш.Бейшеналиев). *Бир маалда боз чепкенин желбегей жамынып, кепичти жалаң кийип бирөө чыкты* (Ж.Бөкөнбаев).

*Кементай* - илгериде жоокерчиликте кийиле турган сырт кийим. Жердиги кийизден, кийгенге жеңил, жылуу болгон. Кайырма жакасынын ар кандай чоңдукта, жазылыкта болгондугу белгилүү, ал жарашыгына карата бычылып, *илме сайма* аркылуу кызыл жип менен көчөт түшүрүлсө, ал эми четине ак же сары өң менен *секиртме сайма* менен *суу* берилет.

Азыркы учурда кементайды театр кийими катары да, салтанаттуу сырт кийим катары да кезиктирүүгө болот. Азыр узун, жамынып жүрүүгө да, кийип алууга да ылайыкталган, ак кийизден адемилеп тигилген, ар кандай сайmaланган түрлөрүн юбилейлерге, тойлорго арнап жасашат. Кементайдын этегин, жакасын, жеңин жээктете *суу* берип, өтө эндүү эмес формада сайmaлашат. Керегине жараша далысына сайма салышат. Көбүнчө *секиртме* сайма менен *суу* жиберет. Топчу пайдаланбастан, чачылуу бүчү тагылган.

*Дал - дал болуп кементай туш-тушунан бөлүнүп* («Сейтек»). *Көк жамынчы кементай, бөктөрүнчөк бөктөрүп* (Тоголок Молдо).

*Тон* - кышкы сырт кийим. Мунун эл арасында кеңири таралган түрлөрү: *бостун, өпкө тон, ак тон, сары тон* ж.б. Адатта тондун сары болушу анын боегуна байланыштуу ишке ашкан. Ышкын түп менен боёонун натыйжасында ушундай түскө жеткиришкен. Тондун чекелерин кара кыжымы, чий баркыт менен кыюулап *чыраш* саймасы менен кештеленген. Тонго да айрым учурда бүчү тагылган.

*Бостон // пустин - пуст* - фарсча - тажикче тери дегенди туюндурат. Кыргыз тилинде *бостун // пустин* формасында кабыл алынган. Сайма мунун четтерине түшүрүлгөн.

Түштүк кыргыздарда шырылган халат формасындагы *чапан* да *тон* деп аталат. Анын кандай кездемеден тигилгенине карата *пашайы тон, парча тон, кымкап тон* ж.б. аталган. Бул жөнүндө маалыматтарды К.И.Антипинанын «Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов» деген эмгегинен кеңири кезиктирүүгө болот. (Фрунзе, 1962, 118-б).

*Аш - тондуунуку, той-тондуунуку* (макал). *Жалгыз аттуу жарышчаак, жаман тондуу күрөшчөөк* (макал).

*Ичик* - бул элдик кийим. Ал түрүнө карата *эркек ичик, аял ичик* деп экиге бөлүнгөн. Жаш сүлөөсүн, түлкү, суур өңдүү аң терилеринен аял ичик тигилет. Ал эми *карышкыр ичик, кашкулак ичик* эркектерге таандык. Ичиктердин ички бети аң терилеринен болсо, тышы ар кандай кездемелерден тигилген. Аялдардын ичиги кыжымдан, баркыттан болсо, эркектердики көпчүлүк учурда трайкеден болгон.

Алардын көбүнесе жакасына, жеңдерине, *бастырма сайма* менен *оттук, ит таман, тору баш гүл, ийрек, мүйүз* көчөттөрү түшүрүлөт.

*Кайырма жакка түлкү ичик желбегей салып жамынып* («Олжобай менен Кишимжан»). *Бардыгы кулакчындарын алкымына бүйрө байлап, тон, ичиктерин сыртынан куушура курчанышкан* ( А.Убукеев).

*Белдемчи* - аялдардын белден ылдый көйнөктүн үстүнөн кие турган кийими. Ал жалаңкат эмес, эки кат, б.а., таз баркыт, баркыт, чий баркыт, ноту, трайке, лампик кездемелеринен ичтелип тигилген. Жердигине карата кызыл, жашыл, ак, саргыч, көгүш түстөгү жиптер менен кештеленип, сайманын *секиртме, сирке төктү* түрлөрү менен *көзчө, чычкан изи, тап бердирме, бадамча* көчөттөр аркылуу кооздолгон.

Көпчүлүк учурда белдемчинин белине, этегине, сайма түшүрүлгөн, *илме* же *илмедос* менен *кочкорок* көчөтү түшүрүлгөн (Антипина. 1962, 241-б.), айрым

учурларда *кайкалак* түрүндө коздолуп, лирообраздуу *тай туяк, тогуз дөбө* көчөттөрү түшүрүлгөн (Махова Е.И. Материальная культура киргизов, 58-б). К.И. Антипинанын монографиялык эмгегинде бир гана кыргыз элине тиешелүү болбостон, белдемчи деп аталбастан, мындай формадагы кийимдер Европа, Прибалтика, Түштүк Азияда ж.б. элдерде болуп келгендиги белгиленет.

«Одежда в виде распашной юбки существовала в прошлом у многих народов (у русских (понева), у народов Прибалтики, украинцев, румын, что указывает на ее архаичность. Упоминание «бельдемчи» в комплексе женской казахской одежды дает основание говорить о наличие ее прошлом у казахов. Подобные одежды носят народы юго - восточной Азии. Так, распашная юбка бытует у народности мяо. Одежда типа «бельдемчи» до настоящего времени сохраняется «в качестве праздничной и обрядовой» у тибетских монголов. Г.Г.Гансен описывает несколько форм распашных юбок, которые носили в Монголии. Сохранялась она и в одежде монголо - китайских офицеров. Наличие ее в костюме китайские воины, бывшие в Восточном Туркестане. Упоминание «бельдемчи» как боевой одежды имеется в народном эпосе «Манас» (Антипина, 244-б).

Тарыхый маалыматтарда белдемчи эркек жоо кийими катары белгилүү болуп келген. Улуттук салттуу кийим катары азыркы мезгилдерде бул аялдардын кийими болуп саналып, жылдын маалына карата салкын мезгилдерде кийилүүчү кийимдин түрлөрүнө кирет. Кемсел же чыптама менен ансамбль катары пайдаланылган да, кыргыз кыз - келиндеринин, аялдарынын дене мүчөсүнүн көркүн чыгарып, дүйнөлүк кийим модасындагы жарым корсетти элестетет. Денеге, белге ылайыкталып, ченеп тигилгендиктен, белдин турпатын, ичке болушун, субагай көрсөтүшүн камсыз кылат. Бизге келген маалыматтарга караганда, белдемчинин бели шырылып тигилип, кээси саймаланып, кээси жөн гана шырык менен шөкөттөлгөн.

Азыркы учурларда белдемчинин өркүндөтүлгөн түрлөрүн иштеп чыгышты. Театрдык кийим катары да, жөн гана салттуу салтанаттуу кийим катары кийип жатышат. Моданын ыгына жараша саймалап, жердигин көйнөк менен шайкеш келтирип, ага түстөш жиптердин тандалышы да өзүнчө көрктүүлүктү пайда кылат. Жарашыгына, боюна ылайык өлчөмдө тигилет.

*Эне белине тартынган этеги бүйүрмө, көк ала белдемчиси менен уулунун бети-башын сүрттү* («Жаш ленинчи»). *Абышкалар карсылдап, белдемчисин кемпирлер белге тартып арчындап* (Тоголок Молдо).

Ошентип, кыргыз элинин кийим - кечеси, жашоо ыкмасы, амалы, турак жайы ж.б. бардыгы көзгө көрүнүп турган көркөм чебер искусствосунун антологиясы катары тизмектелип, элдин көз алдынан өтүп турган. Ошого байланыштуу жашоо жайларын ылайыкташкан, көчмөн турмушка шартташкан үй тиричилиги болгон, кийим кечесин ж.б. ылайыкташтырышкан. Бара - бара көркөмдүк табити өнүгүп, ар кыл кооздукту, жаратылыштык көрүнүштөрдү оймого, саймага, таарга, килемге көчүрүшкөн. Мунун да элдин өзүнө тиешелүү философиясы болгон. Чыгыш элдерине мүнөздүү болгон жаратылыштык кубулуштардын адам аң-сезимине, таанып - билүүсүнө табиятынан берген таасиринен улам ыңгайлашуусу, анан табышмактуу сырларын чыгармачылык менен өздөштүрө алуусунан улам ар кыл кол өнөрчүлүккө пайдалана алышкан.

***Адабияттар***


1. Антипина К.И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов. - Ф., 1962.- 345-б.
2. Махова Е.И. Материальная культура киргизов. - Ф.,1959, 41-58-б.
3. Асомиддинова М. Озбек тилиндеги кийим-кечак номлари.- Ташкент.,1981, 135 б.
4. Радлов В. Опыт словаря тюркских наречий. Т.2. СПб.1899,
5.Мамытов Ж. Көркөм чыгарманын тили. - Ф., 1990.256-б.
6. Шанский Н.М., В.В.Иванов, Т.В.Шанская. Краткий этимологический словарь. -М., 1980, 139-б.
7. Сыдыков А.Н. Вопросы этнолингвистики. - Б., 2008, 95 б.